DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.063

*Кожомбердиева К.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН СТИЛДЕРИН МУГАЛИМДЕРДИН ЧЕБЕРЧИЛИГИН БААЛООДО ПАЙДАЛАНУУ

*Кожомбердиева К.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ СТИЛЕЙ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В ОЦЕНКЕ НАВЫКОВ УЧИТЕЛЕЙ

*K. Kozhomberdieva*

# THE USE OF STYLES OF PEDAGOGICAL ACTIVITY IN THE ASSESSMENT OF TEACHERS' SKILLS

*УДК: 378.147*

*Бул макалада окумуштуу педагогдордун, методисттердин, психологдордун арасында кайчы пикирлерди жана талкууларды жаратып келе жаткан педагогикалык ишмердүүлүк, анын стилдери, репродуктивдүү жана продуктивдүү деңгээлдери, билим берүүнүн учурдагы абалындагы орду, ролу жана мааниси, мамлекеттүүлүктү бекемдөөдөгү маанилүүлүгү тууралуу көз караштар, байланыштар, карама-каршылыктар талдоого алынат. Педагогикалык ишмердүүлүктүн стилдеринин окуучулардын окуу таанып билүү ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна, биогендик, социогендик, психогендик сапаттарынын калыптануусуна жана өнүгүүсүнө, моралдык-психологиялык, эмоционалдык, позитивдүүлүк, гендердик сезимталдуулук жактарына тийгизген таасири, традициялык билим берүү моделине мүнөздүү педагогикалык ишмердүүлүктүн стилдери, алардын окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн сапаттуулугун жогорулатуудагы маанилүүлүгү каралат. Мындан сырткары, педагогикалык ишмердүүлүктүн стилдеринин мугалимдердин квалификациялык чеберчилигин, компетенттүүлүгүн баалоодогу мааниси, аларды колдонуу боюнча стратегиялык-методологиялык сунуштар илимий негизделип берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогикалык ишмердүүлүк, ишмердүүлүктүн стилдери, педагогикалык квалификация, окутуунун моделдери, продуктивдүү ишмердүүлүк, репродуктивдүү ишмердүүлүк, ишмердүүлүктүн деңгээлдери.*

*В данной статье анализируются различные, порой противоположные мнения ученых педагогов, методистов, психологов о педагогической деятельности, ее стилей, репродуктивных и продуктивных уровней, ее месте, роли и значении в современном образовании, в укреплении государственности. Рассматривается влияние стилей педагогической деятельности на результативность учебно-познавательной деятельности школьников, на формирование и развитие биогенных, психогенных, социогенных качеств личности, ее морально-психологическим, эмоциональным, позитивным сторонам, а также гендерно-ориентированному поведению, а также стили педагогической деятельности характерные традиционной модели обучения, их значение в повышении качеств знаний, умений и навыков учащихся. Кроме того, определяется значение стилей педагогической деятельности в оценке мастерства и компетентности учителей, дается научно обоснованные стратегические-методологические рекомендации по применению на практике.*

***Ключевые слова:*** *педагогическая деятельность, стили деятельности, педагогическая квалификация, модели обучения, продуктивная деятельность, репродуктивная деятельность, уровни деятельности.*

*This article analyzes the various, sometimes opposing opinions of scientists, teachers, methodologists, psychologists about pedagogical activity, its styles, reproductive and productive levels, its place, role and significance in modern education, in strengthening the state. The influence of styles of pedagogical activity on the effectiveness of educational and cognitive activity of schoolchildren, on the formation and development of biogenic, psychogenic, sociogenic personality traits, its moral, psychological, emotional, positive aspects, as well as gender-oriented behavior, as well as styles of pedagogical activity characteristic of the traditional model learning, their importance in improving the quality of knowledge, skills and abilities of students. In addition, the importance of styles of pedagogical activity in assessing the skill and competence of teachers is determined, scientifically based strategic and methodological recommendations are given for application in practice.*

***Key words:*** *pedagogical activity, styles of activity, pedagogical qualifications, learning models, productive activity, reproductive activity, levels of activity.*

Кайсы бир өлкөнү багындыруу үчүн бомбалоонун кажети жок, тек гана билим берүү системасын алсыздандырып койгон жетиштүү. Анткени, билимсиз инженер курган үй жер бир силкингенде урайт, билимсиз врач койгон диагноз туура болбой, адамдарды өлүмгө алып келет, билимсиз экономист туура прогноз жасай албай, экономикада банкроттукка дуушар кылат. Бул тизмени уланта берсек болот.

Билим берүүдө, келечек муундардын инсанын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө, алардын компетенттүүлүгүн жогорулатууда, талантына жана шыгына жараша тарбиялоодо, окуучунун биогендик, психогендик жана социогендик сапаттарын, мекенчилдигин, тайманбастыгын, чынчылдыгын, абийирдүүлүгүн, ыймандуулугун, чечкиндүүлүгүн, ырайымдуулугун, тыкандыгын, сарамжалдуулугун арттыруучу негизги фигура ким? Албетте педагог. Сократ айткан экен, жашоодо үч кесип кудайдан берилген, алардын биринчиси мугалим, экинчиси - дарыгер, үчүнчүсү – сот, ал эми калгандары туунду кесиптер. Мугалимге мындан артык макам берүүгө мүмкүн эмес. Бирок, ушул макамга дал келген педагогдорду кантип ажыратууга болот? Чыныгы педагогдорду таануу, аларды даңазалоо, эмгегин баалоо, педагогикалык чеберчилигин арттырууга шарт түзүп берүү өтө курч турган

көйгөй экендиги дүйнөлүк масштабда талкууланып жаткан маселе экендиги талашсыз болуп калды.

Педагогдун иш-аракети окутуу моделинен көз каранды экендиги талашсыз. Алсак, окутуунун академиялык (традициялык) моделинде педагог теориялык материалды жарыя кылып, аны колдонууну стандарттуу мисалдар аркылуу көрсөтүп, теория менен мисалдардын төп келишине басым жасоо менен, окуучуларда стандарттуу учурларда колдонула турган билим менен билгичтикти көрсөтүү менен чектелет. Берилген теориялык материалды окуучулардын канчасы кабыл алды, канчасы кабыл алган жок, булар эске алынбайт. Тек гана мугалим сабагын өтүп, программада берилген темаларды бөлүнгөн убакыт аралыгында окуучулар менен биргеликте караса болду. Мында мугалимге көп деле кыйынчылык жок. Ал бар болгону репродуктивдүү педагогикалык ишмердүүлүктө болду. Эң орчундуусу, педагог окуучулардын билим алуусундагы натыйжага жооп бербейт. Тескерисинче, мындай мугалим үйгө тапшырмаларды көп берип, ата-энелердин жардам берүүсүнө таянат. Ал эми ата-энелер көпчүлүк учурларда балдарына жардам бере албагандыгы практикада белгилүү. Эгерде ата-эне өз баласына жалпы билимди үйрөтүүгө кудурети жетсе, анда мектепке берүүнүн зарылдыгы болмок эмес. Мына ошондуктан мугалим кесиби пайда болгон.

Окутуунун тажрыйба аркылуу окутуу моделинде педагог сабакты ар бир окуучунун темпине, жөндөмдүүлүгүнө, окуу-таанып билүү стилине, окуучулар жамаатынын жалпы өнүгүүсүнө, программадагы материалдын окуучулар үчүн актуалдуулугуна жараша уюштурат. Мында педагогдон чыгармачылык, новатордук, сезимталдык, уюштуруучулук, креативдүүлүк, окуучуларга кызмат кылуу, өзүнүн үстүнөн иштей билүү сыяктуу сапаттар талап кылынат. Анткени, бул учурда педагог жыйынтыкка жооп берет. Тактап айтканда, мындай мугалим, биринчиден, класстагы окуучулардын окуу процессине максималдуу тартылышына кызыкдар, экинчиден, ар бир окуучунун алган материалдан өзгөрүүсү, анын биогендик, психогендик жана социогендик сапаттарынын байышы башкы орунга чыгат.

Жогоруда педагогикалык ишмердүүлүк да, ишмердүүлүктүн башка түрлөрүндөй эле, репродуктивдүү жана продуктивдүү болуп бөлүнөрү айтылды. Бирок бир тактоо киргизип коюу абзел. Репродуктивдүү ишмердүүлүк да максатка ээ. Ал максат – окуучуларды жалпы билимге, билгичтикке жана көндүмдөргө ээ кылуу. Андыктан, жогоруда айтылган, академиялык моделдин позициясынан алганда, бул максат ишке ашпайт турбайбы.

Аталган түшүнүктөрдүн аныктамаларына бир аз сересеп сала кетели. Репродуктивдүү ишмердүүлүк – бул көп убакыттардан бери сыналган үлгү боюнча иштөө. Буга стандарттуулук мүнөздүү. Тактап айтканда, репродуктивдүү ишмердүүлүктү карманган мугалим окуу программасы, окуу китеби, методикалык колдонмо, көнүгүүлөр жыйнактары менен гана чектелет. Көрсөтмөлөр менен иштегенди туура деп эсептейт. Өз алдынча иштебейт. Жетекчилердин койгон талабына, жетектөөчү документтерге гана ишенет, ошолорду аткаруу менен гана чектелет. Класстык бөлмөдөгү материалдар жаңыланбайт, бир нече жылга чейин тура берет. Окуучулар үчүн актуалдуулугу эчак эле жоголгон материалдар козголбой тура берет.

Ал эми продуктивдүү ишмердүүлүктү карманган мугалимдер стандарттуу маселелерди стандарттуу эмес ыкмалар, методдор, формалар менен чечүүгө аракеттенет. Жаңы педагогикалык маселелерди белгилеп, аларды жаңы жолдор менен чечүүнү туура деп эсептейт. Педагогика жаатындагы жаңылыктар менен үзгүлтүксүз кабардар болуп, аларды өзүнүн жеке педагогикалык ишмердүүлүгүндө пайдаланууга дилгир мамиле жасайт. Класстык бөлмөдөгү жасалгалар улам жаңыланып, окуучуларга таасирдүүлүгү жогорулатылып турат. Ар бир окуучуга болгон мамиле улам жаңы деңгээлге чыгып, педагогко болгон ишеним өсө берет. Анын насаатчылык таасири улам жогорку даражага чыгып отурат. Тилекке каршы, мындай мугалимдер мектеп практикасында сейрек учурайт.

Продуктивдүүлүк, бул педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчө мүнөздөөчү белгилеринин бири болуп эсептелет. Н.В. Кузьмина, И.А. Зимняя педагогикалык ишмердүүлүктүн продуктивдүүлүгүн беш деңгээлге ажыратышат [2,3]:

- **продуктивдүү эмес деңгээл**, мында педагог өз билгенин башкаларга айтып бере алат;
- **аз продуктивдүү деңгээл**, бул педагог өзүнүн бере турган маалыматын аудиториянын өзгөчөлүгүнө ылайыктап, айтып бере алат;
- **орточо продуктивдүү деңгээл**, мындай педагог окуучуларды өзү окуткан курстун айрым бөлүмдөрү боюнча <u>билим, билгичтик, көндүмдөр менен куралдандыруунун</u> стратегияларына ээ;
- **продуктивдүү деңгээл**, бул педагог окуучуларды предмети боюнча <u>билим, билгичтик, көндүм системасын калыптандыруунун</u> стратегияларына ээ;
- **жогорку продуктивдүү деңгээл**, мындай педагог өз предметин окуучулардын <u>инсандык сапаттарын калыптандыруучу</u> каражатка айландыруунун стратегияларына ээ. Окуучулардын өзүн өзү тарбиялоо, өз билимин өркүндөтүү, өзүн өзү өнүктүрүү боюнча муктаждыктарына ылайык иш алып бара алат.

Учурда коомго кандай деңгээлдеги педагог адис зарыл? Албетте, продуктивдүүлүгү ортодон жогору болгон мугалимдер керек. Анткени, мындай мугалимдер инсандык мааниге ээ болгон билимдер жана көндүмдөр менен куралдандырат, тийиштүү предметтик билимдер жана көндүмдөрдүн системасын калыптандырат, өзү окуткан предмети аркылуу инсанды өнүк-

түрөт. Учурда ушундай талаптар актуалдуу экендигин изилдөөлөр көрсөтүүдө.

Педагогдордун иш-аракеттери ар түрдүү. Ишмердүүлүк процессинде ар кандай типологиялык өзгөчөлүктөрдөн көз каранды болгон ар түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү көрүүгө болот. Типологиялык өзгөчөлүктөрдү эске алуу педагогдордун стилинин калыптанышында өзгөчө мааниге ээ.

Ар түрдүү адамдардын ишмердүүлүктөрүндө же аткаруучулук (башкы аракеттин басымдуулугу менен), же ориентациялык (жардамчы аракеттердин басымдуулугу менен) иш-аракет стилдери катышат. Бул стиль мугалимдин эмгеги үчүн мүнөздүү болбой калды. Аракеттердин ыкмаларын тандоодогу жана пайдалануудагы эркиндикке байланыштуу, мугалимдин ишинде ишмердүүлүктүн аткаруучулук стилин пайдалануу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Бул стилде эки көп түрдүүлүк байкалат. Биринчиси, реактивдүүлүгү, активдүүлүгү, ийкемдүүлүгү, эмоционалдуулугу, экстраваганттуулугу жогору адамдарга мүнөздүү, алар бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышат:

- сабактын этаптарынын кыскалыгы, окуучулардын басымдуу көпчүлүгүнүн аракеттенүү темпине дал келбегендиги;
- аларды реализациялоонун ырааттуулугу – татаалдан (мугалимдин ишмердүүлүгүнүн көз карашынан) жеңилди көздөй;
- сабакта окуучулардын өз алдынчалыгынын аздыгы, көрсөтмө берүүнүн, окуучуларды рамкада кармоонун басымдуулугу;
- окутуунун техникалык каражаттарынын ролунун төмөндөтүлүшү, өзгөчө заманбап маалыматтык коммуникациялык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануунун жокко эселиги;
- сабактын этаптарынын контактык жайгашышы, лексикалык же грамматикалык материалдар менен бириктирилиши.

Карама-каршы типологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болгон педагогикалык ишмердүүлүктүн аткаруучулук стилинин экинчи көп түрдүүлүгү (төмөнкү активдүүлүк, төмөнкү реактивдүүлүк, эмоционалдык кебелбестик, интраверттүүлүк) төмөндөгүлөр менен мүнөздөлөт:

- сабактын этаптарынын узактыгы, тажатмалуулугу;
- жөнөкөйдөн татаалга карай удаалаштыгы;
- окуучулардын ашкере өз алдынчалыгы;
- окутуунун техникалык каражаттарынын пайдаланылышы;
- “даяр нерселердин” басымдуулугу;
- сабактын этаптарынын контактык жайгашышынын артыкчылыктуу-лугу, алардын лексикалык жана грамматикалык материалдар менен бириктирилиши.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, карама-каршы типологиялык өзгөчөлүктөргө ээ болгон мугалимдерге окуучулар тарабынан да, коомчулук тарабынан да, ата-энелер тарабынан да суроо-талап жок. Өзгөчө мындай мугалимдерге муундар теориясындагы эң орчундуу болуп турган Z муун муктаж эмес.

Мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн башка дагы стилдери белгиленет. Алсак, А.К.Маркова менен А.Я. Никонова алардын төрт түрүн бөлүп көрсөтүшөт[1].

**1. Эмоционалдык-импровизациялык стиль (ЭИС).** Мындай стилдеги мугалимдер окутуу процессине карата ориентациясынын артыкчылыктуулугу менен айырмаланышат. Мындай педагогдордун сабактарында берилген материал логикалуу, кызыктуу, бирок ЭИС мугалимдердин түшүндүрүү процессинде окуучулар менен болгон кайтарым байланыш көпчүлүк учурларда жүзөгө ашырылбай калат. Тактап айтканда, окуучулардын билимди колдонуу жаатындагы практикалык көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлдерин аныктоо эске алынбайт, окутуунун жыйынтыгына басым жасалбайт. Процесс гана башкы орунду ээлейт. Сурамжылоо учурунда күчтүү окуучуларга артыкчылык берилип калат. Сабактар ыкчам темпте өтөт. ЭИС мугалимдер сабак учурунда окуучуларга жоопторду өз алдынча формулировкалоого жол беришпейт. ЭИС мугалимдер үчүн окуу-тарбия процессин жетиштүү түрдө адекваттуу пландаштыруу мүнөздүү эмес: эреже катары, булардын сабактарында кызыктуу окуу материалдар каралат, бирок үйгө анчалык кызыктуу эмес материал берилет. Мындай мугалимдер окуучулардын ишмердүүлүктөрүн жетишерлик көзөмөлдөй алышпайт. ЭИС мугалимдер окутуунун ар түрдүү методдорун пайдаланышат. Алар көпчүлүк учурларда коллективдик талкууларды колдонуп, башаламан айтууларды стимулдаштырат. Мындай мугалимдерге, көпчүлүк учурларда, сабакта өзүнүн иш-аракетиндеги өзгөчөлүктү жана натыйжалуулукту анализдей албоо аркылуу билинип калган интуитивдүүлүк мүнөздүү. Аталган типтеги педагогдор окуучулардын окуу таанып билүү ишмердүүлүктөрүнүн стилдерин өз сабактарында эске алып, алардын потенциалын пайдалана алышпайт.

**2. Эмоционалдык-методикалык стиль (ЭМС).** ЭМС мугалимдер окутуу процессине жана анын жыйынтыгына ориентация алышат. Алар үчүн окуу-тарбия процессин адекваттуу пландаштыруу жана жогорку оперативдүүлүк мүнөздүү, ошондой эле, кайсы бир деңгээлде интуитивдүүлүктүн рефлексивдүүлүккө караганда басымдуулугу байкалат. Бул стилдеги мугалимдер бүткүл окуу материалын этаптар боюнча иштеп чыгат, окуучулардын билим деңгээлдерин карап турушат, окуу материалын бышыктоону жана кайталоону пайдаланышат, окуучулардын билимдерин көзөмөлдөшөт. ЭМС мугалимдер жогорку оперативдүүлүгү, сабакта ар түрдүү иштерди пайдалануу, коллективдик талкуулоолорду уюштуруу менен айырмаланып турушат. Окуу материалы боюнча иштетип жатканда, ЭИС мугалимдер сыяктуу методика-

лык ыкмалардын абдан бай арсеналын пайдалануу менен, баарынан мурда окуучуларды окуу предметине кызыктырууга умтулушат. Тилекке каршы, бул стилдеги мугалимдер да окуучулардын окуу таанып билүү ишмердүүлүгүндөгү стилдерин пайдаланууга чамалары жетпейт.

**3. Ойлонтуу-импровизациялык стиль (ОИС).** ОИС мугалимдер үчүн окутуу процессине жана анын натыйжасына ориентация алуу, окуу-тарбия процессинин адекваттуу пландаштыруу мүнөздүү. ОИС мугалимдер окутуу методдорун тандоодо жана вариациялоодо ойлоп тапкычтыкты көрсөтө алышпайт, алар дайыма эле жогорку темптеги ишти камсыздай алышпайт, коллективдик талкуулоолорду сейрек практикалашат. ОИС мугалимдер (өзгөчө сурамжылоо учурунда) окуучуларга каймана жол менен, сүрөмөлөө, тактоолор ж.б. аркылуу таасир этүү менен, окуучуга жоопту майда-баратына чейин оформить этүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**4. Ойлонтуу-методикалык стиль (ОМС).** ОМС мугалимдер окутуунун натыйжасына жана окуу-тарбия процессин адекваттуу пландаштырууга артыкчылык берүү менен, педагогикалык ишмердүүлүктүн каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланууда консерватизмди даңазалашат. Окуу материалын бекемдөөдөгү жана кайталоонун системалуулугундагы, окуучулардын билимдерин көзөмөлдөөдөгү жогорку методикалык чеберчиликтин окутуунун стандарттуу тобу менен айкалыштырылышы, окуучулардын репродуктивдүү ишмердүүлүгүнө артыкчылык берүү, коллективдүү талкууну сейрек өткөрүү менен айырмаланылышы. Сурамжылоо учурунда ОМС мугалимдер окуучулардын анчалык чоң эмес тобуна кайрылышат. Ар бирине жоопту даярдоо үчүн жетиштүү убакыт берет. Бул мугалимдер начар окуган окуучуларга өзгөчө көңүл бурушат. ОМС мугалимдерге негизинен рефлексивдүүлүк мүнөздүү.

Бул классификация салттык моделдин мугалимдеринин иш-аракетин туюндуруп, алардын стандарттуу педагогикалык ишмердүүлүгүн сүрөттөп турат. Чындыгында, аталган классификацияларга кирген мугалимдер окуучулардын окуу таанып билүү ишмердүүлүктөрүнүн стилдерине ылайык аракеттене албагандар. Бул стилдерди пайдалануудан мурда, ийине жеткире изилдөө зарыл деп ойлойбуз.

Жыйынтыктап айтканда, мугалимдердин эмгегин, кызматын, аракетин баалоо критерийлерин аныктоодо, алардын педагогикалык стилдерин эске алуу зарыл. Өзгөчө талانттуу педагогдорду тандап алууда жогоруда белгиленген педагогикалык ишмердүүлүктүн стилдерин эске алып, алардын педагогикалык стажына эмес, чыгармачылык дараметине, эмгегинин оригиналдуулугуна, окуучулар менен биргелешкен аракетиндеги насаатчылыгына, эски стереотиптерден арылгандыгына, педагогикалык жаңылыктарга умтулуусуна, окуучунун өз алдынчалыгына жана талантына көмөктөшө билгендигине карата мамиле жасоо керектигин белгилегибиз келет. Эң негизгиси, продуктивдүү мугалимдерди баалоо критерийлерин илимий-педагогикалык изилдөөлөрдөн келип чыккан принциптерге ылайыкталышы зарыл экендигин баса айткыбыз келет. Бул азыркы замандын, коомдун, муундардын талабы болуп калды.

**Адабияттар:**


1. Маркова А.К. Психология труда учителя. - М.: Просвещение, 1993. - С. 205-206.
2. Кузьмина Н.В. Методы исследования педагогической деятельности / Н.В. Кузьмина. - Л.: Изд-во ЛГУ, 1970. - 114 с.
3. Зимняя И.А. Педагогическая психология: учеб. для вузов / И.А. Зимняя. - М.: Издат. корпорация Логос, 2000. - 384 с.
4. Усон уулу Ж. Научно-педагогические основы формирования профессиональной компетентности будущих учителей. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 238-242.
5. Курманкулов Ш.Ж., Маматова У.А. Практика использования различных форм обучения в деятельности учителей. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 9. С. 255-259.